**КЫРГЫЗ РЕСПУПЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кенеш К 12.10.419**

*Кол жазма укугунда*
**УДК 347.73:336 (575.2) (043.3).**

**Билал Учар**

# Кыргызстан жана Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери (теориясы, тарыхы)

**12.00.01 - мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; укуктук окуулардын тарыхы**

Юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек-2010**

Диссертация Чуй университетинин “Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы” жана “Атайын юридикалык дисциплиналар” кафедраларында аткарылды.

**Илимий жетекчи** : юридика илимдеринин кандидаты, доцент,
Болот Токтобаев Токтомышевич

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин **доктору,** профессор,
Бейшембиев Эсенгул Жумашевич
юридика илимдеринин кандидаты, доцент ,
У.О. Аманалиев

**Жетектөөчү мекеме :** КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту.

Диссертация 2010-жылдын ________ саат ___$^{00}$ Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумшутуулук даражасын издеп алуу боюнча диссертацияларды коргоочу К 12.10.419 диссертациялык кенештин жыйынында корголот.

Дареги: 720024, Бишкек шаары, Жибек-Жолу көчөсү 394, Юридикалык институт, № 8-kopnyc, № 400-дарскана.

Диссертация менен *Ж.*Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Дареги: 720024. Бишкек шаары Жибек-Жолу көчөсү 394, Юридикалык институт, № 8-kopnyc.

Автореферат 2010- жылдын __________ жөнөтүлдү

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
юридикалык илимдердин кандидаты, профессор Сманалиев К.М.

Диссертациялык кеңештин чечими менен К 12.10.419 __/__/2010-жыл №_______ протоколдун негизинде диссертация коргоого жана авторефераттын басылышына уруксат берилди.

1. Диссертациялык кеңештин төрагасы,
   Юридика и. доктору, профессор Арабаев Ч.И.

2. Диссертациялык кеңештин катчысы,
   Юридика и. кандидаты, доцент, Сманалиев К.М.

3. КР КИАнын бөлүм башчысы Умралина Г.Р.

4. КР КИАнын, төрагасынын орун басары,
   Негизги илимий катчысы Бекболотов Т.Б.

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстан жана Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери (теориясы, тарыхы) айрыкча ассоциация, фонд, кичи жана орто бийиктиктеги ишканалардын *(мындан ары **КОБИ**)* мамлекеттик экономикалык укуктук теориясы, тарыхынын негиздери жөнүндө негизги түшүнүк берип, Түрк дүйнөсүнүн тез өнүгүүсүнө тийгизген актуалдуу таасири болгону айтылат. Сунуш кылынган бул иште мамлекеттик өнүгүүнүн, ишмердик менен салык укугун өнүктүрүүнүн кандайдыр бир деңгээлин толтурууга тийиш экендиги жөнүндө так, даяна сөз болот.

Жалпы коомдук жана мамлекеттик түзүлүшкө өтүү үчүн түп-тамырынан бери өзгөртүлгөн реформаларды жүзөгө ашыруу, тиешелүү укуктук негиздерди, олуттуу мыйзамдык базаны, анын ичинде ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдарын да түзүү жана өркүндөтүү керек. Кыргызстан, Түркия жана Европа Биримдиги *(мындан ары **ЕБ**)* экономикалык ишенимдүүлүк боюнча дүйнөнүн бир бөлүгү болуп саналат. Анын либералдык социалдык-экономикалык укуктук абалы ушул системаларда кандай роль ойногондугуна байланыштуу, Кыргызстан жана Түркиянын ишмердик укуктук негиздерин салыштырмалуу колдоно турган болсок, либералдык социалдык экономикалык реформанын актуалдуу маселелеринин чечилүүсүн жана өркүндөтүүнүн маселелерин чечүүдө өзгөчө актуалдуу мааниге ээ болгону айтылат.

Мурдагы план түрүндө жүргүзүлүүчү укуктук мыйзам калкты камсыз кылууда ийгиликтерге жетишкендигине карабастан, иш жүзүндө мамлекеттик менчиктин басымдуу болушу жана системанын үстөмдүгү, социалисттик өндүрүш мамилелерин бузуп, өлкөнүн өнүгүшүнө чоң зыян келтирген. Ошондой эле карыздар сазынан чыгып, рентабилдүү иштөө мүмкүнчүлүгүн түзүүгө ишенбестикти жараткан.[1]

Ошондуктан, жүргүзүлүп жаткан укуктук реформанын көйгөйлөрүн окумуштуулар менен адистер ар тараптуу терең изилдөөгө өзгөчө көңүлдөрүн бөлүүдө. Реформанын негизги максаты, менчик мамилелерин, айрыкча ассоциация, фонд, КОБИлер укугун өзгөртүп, ишмердик иш-аракетин жүргүзүүнү натыйжалуу өнүктүрүүнүн жаңы формаларын түзүү болгон.

Мына ошентип, принциптүү жаңы артыкчылыктарга негизделип, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугунун теориясы менен практикасы иштелип чыккан алдыңкы көз караштарды жана багыттарды өзүнө камтыган учурдагы реалдуулукка, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугунун өнүгүшүнүн дүйнөлүк деңгээлине жооп берген кодексин жаңы даярдоо зарылдыгы келип чыкты. Ю.и.д. К.М. Осмоналиев баса белгилегендей, Кыргызстандын учурдагы ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугунун саясатын түзүүнүн жана ишке ашыруунун проблемалары, кыргыз коомунун өткөөл абалы, биротоло калыптана элек мамлекеттик-саясий жана экономикалык өнүгүшү менен

---

[1] Токтобаев Б.Т., “Функции госдарства», 21.б., Бишкек, 2002.; “Цивил жана жеке ишмердүүлүктүн түрк дүйнөсү актуалдуу маселелерин чечуга салышы”, 249- б., Жалалабад КР 2009.; “Кыргызстан реформалоонун учурдагы Укуктук Негиздери, маселелери, алардын чечилиши жана актуалдуу түрк дүйнөсүнүн маселелерине таасири”” КР – 2009, 395 б.

шартталган. Ошону менен бирге, анын учурдагы абалын талдоо Кыргызстандын ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугунун саясатын реформалоонун аракеттерине репрессияларынын ашыктыгы жана өткөндүн таасирлери кедерги тийгизип жаткандыгына күбө болду»[1].

Укуктун өнүгүшүнүн тарыхы ар кандай мыйзамдарды, анын ичинде ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдарын такай өркүндөтүп туруу, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү коомдук турмуштун мыйзам ченемдүүлүгү болуп саналарын көрсөттү. Түрк мамлекетинде материалдык жана руханий биримдиги менен этатизмге аябай муктаж өзгөчө жарандык, өзгөчө өнүгүүгө либералдык-социалдык демократиялык укуктук экономикалык реформалар менен проблемалар ыкчам жана тез чечилүүсү маанилүү мүнөзгө ээ болууда.

Атайын адабияттарда туура белгиленгендей, тарыхый принциптерди унутта калтыруу ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик укуктук ченемдерди жана алардын өнүгүшүнүн узак мөөнөттүү тенденцияларын талдоого көмөкчү болбойт. Ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдарынын тарыхына, өткөн жылдардын мыйзам чыгаруу тажрыйбасын пайдаланууга кайрылуу мыйзамдарын кодификациялоонун жана өркүндөтүүнүн маселелерин чечүүдө өзгөчө мааниге ээ болот[2].

Мына, ошондуктан, мурдагы союздун курамына кирген республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, жеке менчик укук мамилелеринде, ассоциация, фонд, КОБИ ишин жүргүзүүнүн формаларында жана методдорунда, жалпысынан айтканда, укуктук экономикалык мамилелердин бүткүл комплексинде терең өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу рынок экономикасынын мамилелерин укуктук өздөштүрүүгө багыт алган. Анын толугу менен өлкөдө орношу үчүн коомдук түзүлүштүн укуктук трансформациясы жүрүүдө. Бул республикада маанилүү орунду ээлеген ассоциация, фонд, КОБИлер жана укук үчүн өзгөчө мааниге ээ. Себеби, жүргүзүлүп жаткан реформанын ийгилиги комплекстүү жоболорду туюндурулган жана аны менен кайчылаш тармактардын жалпы абалына байланыштуу. Тарыхый убакыттын ар кайсы мезгилинде өлкөнүн калкынын жана маанилүү бөлүгүнүн өсүшү өндүрүш мамилелери менен түшүндүрүлөт.

1991- жылдан баштап Кыргызстандын ассоциация, фонд, КОБИ секторунда мамлекетке, колхоз жана совхоздорго тиешелүү мүлктү жеке менчиктештирип, социал-экономиканын жаңы мамилелерине ылайык өзгөртүүгө багытталган реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында, иш жүргүзүүнүн ар түрдүү формаларына негизделген жашоодогу факторлор менчик формаларында жана укук негиздеринде маанилүү өзгөрүүлөр болду. Адамдардын аң сезимдеринде позитивдүү жылыштар байкалды.

Ошону менен бирге өлкөдө жүргүзүлүп келген реформаларга объективдүү мыйзамдардын таасир этишине анча маани берилбей, субъективизмдин жана администратташтыруунун биринчи орунга коюлуп келгендиги, реформанын

---

[1] Осмоналиев К.М. Предпосылки, принципы и основные направления реформирования уголовной политики Кыргызской Республики // Российский следователь, - М : К 1рис і 2005. -N 7. http://www.lawmix.ru/comm.php?id=638

[2] См.: Шишов О.Ф. Основные этапы развития советского уголовного права//Всст. Моск. ун-та. - Сер. 11. - Право. 1989. - № 1. - С. 42-43.

стратегиясын ишке ашыруу боюнча илимий укуктук негизде кылдаттык менен ойлонуштурулган. Ошондуктан так программанын болбогондугу, ошондой эле мурдагы союздун курамына кирген республикаларда ассоциация, фонд, КОБИ байланыштары болбогондуктан, социалдык экономикалык туруксуздугу өндүрүштүн оор экономикалык жана социалдык укуктук кырдаалга алып келгендей байкалат.

Андыктан, ассоциация, фонд, КОБИ өндүрүшүнүн учурдагы өнүгүшүнө объективдүү баа берип, аны андан ары өнүктүрүү стратегиясынын негизги багыттарын келечекке аныктап, өндүрүштүн илимий техникалык прогресстин, менеджменттин, маркетингдин азыркы жетишкендиктерин ишке киргизүүнүн жана натыйжалуу иштеген жаңы формаларын түзүп, алардын иш-аракеттерин либералдык-социалдык экономикалык укуктук реформасы, азыркы учурдун актуалдуу маселелеринин бири[1] болгону айтылат.

Жалпысынан алганда өткөөл мезгилдеги коом менен мамлекеттин жана ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мамилелери менен мыйзамдарынын өнүгүшүнө арналган тарыхый-укуктук изилдөөлөрдүн маанилүүлүгү өзгөчө жогорулайт. Анткени алар бир жагынан алганда өткөндөн сабак алуунун гана мүмкүнчүлүгүн бербестен, өткөн доордун тажрыйбасын учурдагы коомдун гана эмес, келечектеги муундардын салыштыруусуна, пайдалануусуна мүмкүнчүлүк берет. Башка жагынан алганда, ар кайсы мамлекеттердин өнүгүшүнүн тарыхы, социалдык-экономикалык жана укуктук саясий түзүлүштүн алмашуусунун шарттары менен жаңы укуктук тутумдун калыптанышы дал ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдарына тиешелүү ченемдердин пайда болушунун жана өнүгүшүнүн көп мисалдарын берет. Анткени коомдун өнүгүшүнүн өткөөл этаптарында укуктун бул чөйрөсү өзгөрүүлөргө өзгөчө көп дуушар болуу менен кээде түп-тамырынан бери жаңыртылат.

Жогоруда аталып өткөндөрдөн баары ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдарынын өнүгүшүнүн проблемаларын изилдөөнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Советтик мезгилдеги ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик мыйзамдарынын трансформацияланышы менен бир эле убакта өлкөнүн жаңы шарттарына каршы күрөшүүнүн муктаждыктарына жооп берген жаңы мыйзамды иштеп чыгуу, талкуулоо жана кабыл алуу боюнча иш жүргүзүлдү. Мунун натыйжасында, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу ченемдерди калтыруунун жана башкаларын четке кагуунун деңгээли кандай болот? деген актуалдуу проблема пайда болду.

Жогоруда белгиленгендей “Кыргызстан жана Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери (теориясы, тарыхы)” аттуу тема, айрыкча “ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу” өтө актуалдуу, теориялык жана практикалык жактан маанилүү. Дал ушул проблеманы-өлкөдөгү түп-тамырынан бери кайра курууларды жүзөгө ашыруу, жарандардын коом менен мамлекеттин укуктук жактан корголуусун чындоо, диссертациялык изилдөөнүн темасы аталган өтө актуалдуу теманы тандап алууга алып келди.

---

[1] Эрдоган Х. ж.б. “Дернек-кулүп-вакыф иле КОБИ вб. ишлетмеси малийе мухасебе вергиси”, 5- б., 2006.

**Изилдөөнүн иштетилишинин деңгээли.** Кыргызстандын укук тармагында экономикалык ишмердигинин укуктук мыйзамдуулугунун өнүгүү тарыхы көп эле жолу каралганы менен, алгач коомдо негизги маанини берүү менен принциптүү артыкчылыктарга негизделип, ишмердик укугунун теориясы практикада колдонуунун мыйзамдык мүнөзүнө ээ боло баштаган. Ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу Европа мамлекеттеринде жогорку деңгээлде өскөндүгү, жарандарды иш менен камсыз кылган ишкана катары да таанылат.

Ошондой эле Кыргызстан, Түркия жана ЕБне дагы таасирин тийгизбей койгон жок. Башкача айтканда, бул багытта жасалган укуктук саясаттар жана иш чаралар укугу эл аралык деңгээлде жетиштүү жыйынтыктарын бере баштады. Акыркы жылдары негизги көңүл буруулар ишмердик мыйзамдарынын айрым институттары менен ченемдеринин өзүнө тиешелүү проблемаларын жана аларды өркүндөтүүнүн жолдорун иликтөөгө бир нече илимий изилдөөлөр каралып келет.

Бул ишмердик укугунун проблемаларын түзүлүшүн, өнүгүшүн кароодо В.П. Шкредовдун, Л.И. Спиридиновдун, Н. Селпиеванын ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде теориялык методологиялык жактан иштелип чыккан жана талдоого алынган. Сунуш кылынган бул иш мамлекеттик өнүгүүнүн, ишмердик укугун өнүктүрүүнүн кандайдыр бир деңгээлин толтурууга тийиш.

**Изилдөөнүн объектиси**. Кыргызстан, Түркия жана ЕБ экономикалык ишмердигинин укуктук мыйзамдуулугунун негиздерин жана байланыштарын, иш аракеттердин өндүрүшүн, коомдогу социалдык-экономикалык укуктук саясий, таасирлердин экономикалык ишмердик укугуна тийгизген таасири, мамлекеттин өсүшүндөгү укуктук саясаты жана анын жыйынтыгы, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укуктук байланышы, экономикалык ишмердигинин укуктук жөнгө салынышы, ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуу укук таануучулардын ой пикирлери жана көз караштардын тобу бул изилдөөнүн объектиси болуп эсептелинет.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргызстан жана Түркия мамлекеттеринин ортосундагы экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери жөнүндөгү байланыштардын мыйзам ченемдүүлүгүнүн колдонулушу, өсүшү, ассоциация, фонд, КОБИ мамилелеринин ортосундагы өндүрүштүк натыйжалуулукту жогорулатуу маселелери жана айрыкча аны укуктук экономикалык, ишмердик жактарын чечүү жолдору каралды. Революцияга чейинки советтик совет мезгилинен кийинки убактагы жана Кыргызстан мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу мыйзамдарынын өнүгүшүнүн процесси, кодексинин жалпы жана өзгөчө бөлүктөрү, анын жалпы укуктук мүнөздөмөлөрү, негизги принциптери, аткарган кызматтары, ошондой эле жаңы мыйзамдарынын өзгөчөлүгү бул изилдөөнүн предмети болуп саналат.

Экономикалык мыйзамдарынын айрым аспекттери, өнүгүшү, анын өркүндөтүүнүн процесси мамлекеттүүлүктүн чыңдалышы жана укуктук өзгөрүүлөр Кыргызстан, мамлекеттик көз карандысыздыкты алгандан кийин, ошондой эле Кыргызстан, Түркия жана ЕБнде экономикалык ишмердүүлүктүн укуктук мыйзамдарын андан ары өркүндөтүүнүн комплекстүү маселелери монографиялык изилдөөнүн предмети болуп калышы керек.

Кыргызстандын укук тармагында мыйзамдуулугу аз изилдеген. Кыргызстандын экономикалык ишмердигинин укуктук өнүгүүсү, ошондой эле аны андан ары өркүндөтүү маселелери айрым окумуштуу юристтердин изилдөөсүнүн предмети болуп келет. Андан ары диссертацияда кодекске киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор, жаңы укуктук системанын калыптанышы талданат. Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексин иштеп чыгуунун, талкуулоонун жана кабыл алуунун процесси, ошондой эле мыйзамдарды андан ары өркүндөтүүнүн проблемалары жана жазаларды гумандаштыруу боюнча маселелер талдоо менен изилдөөгө алынат.

**Изилдөөнүн максаты, милдети жана коюлган маселелер.** Кыргызстандын экономикалык ишмердигинин укуктук өнүгүү мамилелери жана социалдык экономикасын дээрлик темпте өнүгүүдө. Түрк мамлекети ошондой эле ЕБ менен ишмердик укуктук мыйзамдуулугунун тарыхый өсүп өнүгүшү, анын өзгөчөлүктөрү, азыркы учурда демократиялык өзгөрүүгө дуушар болгон ассоциация, фонд, КОБИлердин пайда болушу менен Кыргызстандын укуктук саясатындагы болуп жаткан өзгөрүштөр боюнча илимий көз караштарды кеңейтүү, талдоо, системалаштыруу жана андан ары тереңдетүү изилдөөнүн максаты болуп айтылат.

Кыргызстандын ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдуулугунун тарыхый, өсүп-өнүгүшү, анын өзгөчөлүктөрү, анын советтик мезгилге салыштырмалуу тарыхый-укуктук өнүгүшүнүн, укуктук саясатындагы болуп жаткан өзгөрүштөр боюнча илимий көз караштарды кеңейтүү, талдоо, системалаштыруу жана андан ары тереңдетүү изилдөөнүн максаты болуп саналат. Изилдөөнүн көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн диссертант төмөндөгүдөй маселелерди-милдеттерди чечүүнүн үстүндө аракеттерди жүргүзгөн:

- Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу иш жүргүзүү формасын негиздүү концептуалдык аныктоо;
- эл аралык макулдашуу шартында экономикалык укуктук иш аракеттерди керектүү жактан өндүрүштө кеңири өнүктүрүү;
- ишмердик өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун уюштуруу механизмин негиздөө;
- ишмердик укук негизинин мыйзамынын функциясын, принциптерин жана алардын маңызын ачып берүү;
- коомдогу социалдык, экономикалык өзгөрүүлөргө жараша ишмердик мыйзамдуулугунун тажрыйбасында укуктук талдоо жүргүзүү;
- изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча зарыл болгон илимий теориялык тыянактарды чыгаруу жана комплекстүү өнүгүүнүн негизинде мыйзам ченемдерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүү, тиешелүү багыттарды көрсөтүү.

**Изилдөөнүн усулдук жана теориялык негиздери**. Изилдөөдө диссертациялык иштин усулдук негизин түзгөн төмөнкү комплекстүү илимий жолдор пайдаланылган:

- Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдарынын өнүгүшүнүн иш жүзүндөгү тарыхый жолу аныкталууга тарыхый укуктук жана салыштыруу жолу;

- объективдүү билимдерди алууга, Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ишмердигинин укугунун мыйзамдарынын өнүгүшүнүн процессин терең жана ар тараптуу изилдөөгө мүмкүнчүлүк берген жалпы усулдар, алардын ичинде салыштыруу, системалык, структуралык ж.б. усулдар;

- социалдык усулдар, атап айтканда статистика усулу, аны колдонуу Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ортосундагы келишимдердин аткарылышынын жана өнүгүшүнүн процесси жөнүндө сандык жана сапаттык маалыматтар алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу жолу;

- социологиялык изилдөөлөр усулу, сурап билүүлөрдү, практиканы ж.б. ишмердиктин натыйжаларын иликтөө мүмкүнчүлүгүн берүү жана кеңири белгилөөгө салыштырмалуу аракеттин түзүлүшү;

- алардын жардамы менен Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ишмердик укуктук мыйзамдардын андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча практикалык эл аралык келишимдердин негизинде сунуштарды иштеп чыгууга жардам берген жеке усулдар.

Диссертациянын негизги жоболорун негиздөө үчүн мамлекеттин жана укуктун теориясы менен тарыхын, эл аралык келишимдердин, социологиянын, экономикалык ишмердик укугунун, тарыхтын ж.б. жалпы теориясы жаатындагы илимий изилдөөлөр кеңири пайдаланылды.

Негизинен бул диссертациялык изилдөө процессинде автор орус**:** В.Н. Кудрявцев, М.Х. Рустамбаев, В.П. Спридинов, Д.Е. Еремеев, С.С. Алексеев, Я.М. Брайнин, жана башка юрист-окумуштуулардын**;** Түркия жана башка чет өлкөлүк**:** А. Аккүндүз, А. Бардакоглу, А. Иайла, А. Шафак, В. Бычак, Е. Шенер, К. Гунчомаг, Х. Доманич, О. Имрегүн, Ш. Кызылот, М. Эрдоган, жана башка юрист окумуштуулардын**;** ошондой эле ата мекендик юрист-окумуштуулардын**:** А.А. Арабаев, А.Н. Ниязова, Ч.И. Арабаев, Б.Т. Токтобаев, Г.А. Мукамбаева, Э.Ж. Бейшембиев, Т.И. Ганиева, К.Н. Нурбеков, К.М. Сманалиев, жана башка юрист–окумуштуулардын, илимпоздордун эмгектерине таяныч жасалды.

**Изилдөөнүн эмпирикалык негизин** Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ортосундагы ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын уктарынын мыйзамдуулугунун ишмердик жыйынтыктары жана сапат жагынан өсүп өнүгүшү тууралуу статистикалык маалыматтар түзөт.

**Төмөнкүлөр изилдөөнүн булагы болуп кызмат кылды:**

1) Колдонуудагы Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин Мыйзамдары: 1993, 2010-жылдардагы Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин Конституциясы, кодекстер, мыйзамдары, өлкөнүн Президентинин жарлыктары, Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин өкмөтү менен Жогорку Кеңешинин токтомдору жана башка укуктук ченемдик актылар;

2) Чет өлкөлөрдүн, анын ичинде көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине катышкан өлкөлөрдөн ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодекстери жана башка ченемдик укуктук актылары;

3) СССРдин жана Кыргыз ССРинин мыйзамдары;

4)Мезгилдуу басма сөз материалдары (КРсынын жана башка өлкөлөрдүн газеталары менен журналдары);

5) Сөздүктөр, интернет булактары;

6) Колдонулган адабияттардын тизмесиндеги булактар

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** баарынан мурда анын хронологиялык чеги менен аныкталат жана анда алгачкы жолу тарыхый укуктук жана салыштыруу мамилеси Кыргызстан, Түркия жана ЕБндеги экономикалык ишмердүүлүгүнүн укуктук негизинин өнүгүшүн комплекстүү талдоого алынгандыгында турат.

Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин эгемендүү өнүгүшүнүн шарттарында бул диссертациялык иштин коюлушу каралуучу маселелердин чөйрөсүн тандап алуу, ошондой эле изилдөөдө баяндалган жана коргоого чыгарылган жоболор менен тыянактардын тандалып алынышы жаңылык болуп саналат.

Диссертациялык иш Кыргызстан, Түркия жана ЕБ менен эл аралык келишимдердин негизинде мамлекет жана өкмөттүк расмий документтердин иштелип чыгышын жана кабыл алышын, өркүндөтүлүшүн, ошондой эле бүткүл дүйнөлүк Ассамблеянын коомдук бирикмесинин жаңы идеяларын изилдөө программаларын камтыйт.

Диссертациялык иш Кыргызстандын жаңы ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодекстин кабыл алынышынан, Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын шарттарында ага өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизүүдөн жана убактылуу пайдалануудан тартып иштелип чыгышыны жана кабыл алынышыны, өркүндөтүлүшүнү камтыйт.

Диссертанттын пикири боюнча хронологиялык өнүттөн алганда Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн шарттарындагы ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу мыйзамдарынын негиздеринин өтмөлүүлүк байланыштары менен өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү өзгөчө даана байкалып, алар бул иштин бүтүмдүү жана комплекстүү мүнөзүн аныктап турат.

Жогорудагы аталган көйгөйлүү маселелердин ар кандай аспектилери эл аралык адистер менен жолго салынганына карабастан, Кыргызстандын учурдагы абалына байланыштуу бул маселе өтө курч мааниге ээ болууда. Мына ушуларды чечүү маселеси, диссертациянын темасы менен максатын илимий жана практикалык маанилүүлүгүн тандап алууга шарт түздү.

**Коргоого чыга турган негизги жоболор:**

- Кыргызстан, Түркия жана ЕБнде коомдун өнүгүшүнө ылайык экономикалык ишмердигинин укуктук мыйзамдуулугунун пайда болушу жана аны өркүндөтүү ишке ашырылган;
- Кыргызстан, Түркия жана ЕБ менен экономикалык ишмердигинин укуктук негиздеринин жалпы жана өзгөчө бөлүктөрүнүн өнүгүшүнө мүнөздөмө берилген;
- Кыргызстан, Түркия жана ЕБ ишмердик менен салыгы укуктарынын нормаларын кабыл алууда социалдык, экономикалык жана саясий себептерди кароо менен чет мамлекеттердин мыйзамдарын салыштырып, талдоо жүргүзүлгөн;

- менчик формаларынын көп түрдүүлүгү ассоциация, фонд, КОБИ өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун жогорулатуунун негизги шартын иштеп чыгуу, кабыл алуу процесси баяндалган;
- ишмердик укуктук негиздин өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун жогорулатуу максатында кооперацияны, интеграцияны кеңири өркүндөтүү аркылуу мамлекетте ар кандай акционердик коомдорду, ассоциацияларды жана башка бирикмелерди түзүү керектиги сунуш кылынган;
- ири агрардык өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу механизми, иш-каналардын иш-аракеттеринин маңызын ачып берүүгө аракет жасалган;
- мамлекет жөнгө салуучу алдынкы технологияларды өздөштүрүү, өркүндөтүү максатында ишмердик менен салык укуктук мамилелерин айрым ченемдерге өзгөртүү жана толуктоо, аны практикада колдонуу боюнча сунуштар иштелип чыккан.
- Кыргызстанда коомдун өнүгүшүнө ылайык ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдуулугунун пайда болуу жана анын өркүндөтүү тарыхын талдоо ишке ашырылган;
- Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгы кодексин кабыл алууда социалдык, экономикалык жана укуктук саясий себептерди кароо менен мыйзамынын ченемдерин башка чет мамлекеттердеги менен салыштырып, талдоо жүргүзүлгөн;
- Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгы кодексин иштеп чыгуу, кабыл алуу процесси баяндалган.
- ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык кодексинин негизги принциптеринин тарыхый өнүгүшүн кароо менен ар бир принципке түшүндүрмө берилип, алардын маңызын ачып берүүгө аракет жасалган;
- ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык мыйзамынын функциясы жана анын коомдук эрежелерге тийгизген таасири аныкталган;
- ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгы кодексинин кээ бир ченемдерин андан ары өркүндөтүү максатында айрым ченемдерге өзгөртүү жана толуктоо киргизүү, укуктук саясатын гумандаштыруу, аны практикада колдонуу боюнча сунуштар иштелип чыккан;
- Кыргызстанда коомдун өнүгүшүнө ылайык ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгы мыйзамдуулугунун пайда болуу жана анын өркүндө тарыхын талдоо ишке ашырылган.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Эмгекте камтылган сунуштар укук колдонуу практикасын жана ишмердик менен салыгы укугунун мыйзамын чыгаруу, аны андан ары өркүндөтүүгө өбөлгө түзүп, иштеген ченемдерди четке кагууга, ошондой эле чет элдик тажрыйбаларды, атап айтсак Түркия мамлекетинен, ЕБ менен эл аралык, дүйнөлүк Ассамблея коомдук бирикмесинин укуктук мамилелерине байланышууга жана мыйзам чыгаруу, мыйзам чыгарууну андан ары өркүндөтүүгө өбөлгө түзүп, иштебеген ченемдерди четке кагууга мүмкүндүк бермекчи.

Диссертациянын жоболору менен тыянактарын ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугунун диссетрацияда баяндалган проблемалары илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жана практикада бул иш боюнча окуу китептерин жана колдонмолорду даярдоодо, укук тармагы боюнча

сабак берүүдө, ошондой эле юридикалык, экономикалык жана тарых адистигинин багытындагы жана факультетинин студенттери, угуучулар үчүн окуу куралы, курстук же дипломдук иштерди жазууда кошумча адабий булак жана кенеш катары колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо /апробациялоо/.** Иштеги негизги теориялык жоболору менен жыйынтыктары жана корутундуларынын натыйжалары 2007-2009 жылдарда Кыргызстанда төмөндөгүдөй айтылган үч эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, конгрессте, төртөө Кыргызча, экөө Түркчө бардыгы алты, илимий макала-билдирүүлөр жасалып, талкууланды. Чуй университетинде бир Кыргызча илимий китеп даярдалып, Түркия “ТИКА” мамлекеттик курумунун колдоосу менен жарыкка чыгарылды. Түркия жана ЕБ ассоциация, фонд укугу темасында төртөө расмий, бирөө жеке, бардыгы беш илимий рапорт жасалып талкууланды. Көпчүлүгү Түркия жана ЕБ ассоциация, фонд, КОБИ укугу менен экономикасы темасындагы он сегиз илимий адабият чыгармалар, жыйырма беш илимий макалалар жана ар кандай деңгээлдеги илимий конференцияларда баяндалды. Булардан Түркия жана Кыргызстандагы ар кандай деңгээлдеги илимий конференциялар жана макала-билдирүүлөр менен китеп 2000-2010-жылдары жарыяланган эмгектерде баяндалды. Булардан керектүүлөр, авторефератын негизги мазмунун аягындагы “диссертациянын негизги мазмуну 2005-2010-жылдары жарыяланган эмгектерде чагылдырылды”гы жазылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн курамы-түзүмү жана көлөмү** ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугуну изилдөөнүн объектисине жана предметине, ошондой эле алдыга коюлган максаттарга жана милдеттерге негизделет. Диссертациялык иш кириш сөздөн, 3 баптан, 9 бөлүмдөн жана корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# ИЗИЛДӨӨНҮН МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын айрыкча ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгы укугунун актуалдуулугу негизделип, маселелерди иштеп чыгуу деңгээли, максаты, милдетти, объектиси жана предмети, илимий жаңылыгы, иштин негизги теориялык жана усулдук негиздери баяндалып, анын практикалык баалуулугу аныкталып, коргоого чыга турган жоболор туюндурулуп (формулируются), изилдөөнүн жыйынтыктарын практикада жайылтуу боюнча көрсөтмөлөр каралган.

**I Бап. "Кыргызстан жана Түркиянын реформаларын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери"** деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

**1.1.** "**Кыргызстан жана Түркиянын реформалоонун экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери жөнүндө түшүнүк жана актуалдуу маселелери"** деген ат менен берилип, Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугун реформалоо тууралуу баяндалат.

Укуктук реформалардын ийгилиги; алар турмушубузга канчалык тез жана терең өздөштүрүлгөнүнө байланыштуу болот. Укук реформаларында, жарандык жана өзгөчөлүгү үчүн да демократиялык башкаруу башкалардан эң жакшысы жана өйдөсү болуп эсептелинет. "Революциянын эки себеби бар: элдин жакырланышы жана коррупциянын өнүгүшү. Путин жана Назарбаев бири-бирине алыс жакта турганы менен экөө тең бир чечимге келет: "Алсыз бийлик, топтолуп келе жаткан социалдык–экономикалык проблема",- деди профессор илимдин кандидаты Музурупканов А.Ш.[1]

Адамдын жана жарандын укугун укуктук статус түзүшөт. Ага адамдын ишмердигинин өтө ар кыл чөйрөлөрүн жөнгө салуучу көптөгөн укуктук түрлөр кирет. Аларга ылайык жарандык (жеке), саясий, маданий укуктары, социалдык жана экономикалык укуктарды бөлүп көрсөтүүгө болот[2]. Укуктук мамлекет адамдын ишмердигине байланыштуу келип чыгат жана анын корпоративдик кызыкчылыктарын жүзөгө ашырат, алар узак тарыхый процесске байланыштуу укуктук турат. Ушул (өз- чет өлкөлүк) тажрыйбаны гана эске алуу менен укуктук мамлекетти реформалоонун жана функцияларынын чыныгы маанисин аныктоого болот.

Мыйзамды иштеп чыгуу жөнүндөгү ой-пикирлер, сунуштар, идеялар мыйзам жазылгандан баштап, мыйзамды кабыл алган мөөнөткө чейинки жолду П. И.Седугиндин, Ю.А.Тихомировдун, Д.А.Керимовдун жана башка юрист-окумуштуулардын илимий эмгектеринде жана «Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын негизинде төмөндөгүдөй баскычтар каралган: 1) мыйзам чыгаруу демилгелери; 2) мыйзам долбоорун даярдоо; 3) даярдалган мыйзам долбоорун парламенттин комитетине расмий түрдө киргизүү; 4) мыйзам долбоорун Мыйзам чыгаруу жыйынына биринчи окуудагы талкуусу; 5) мыйзам

---

[1]Мүзүрүпканов А.Ш. Базар экономикасын үйрөнүүчүлөргө жардам, 24-б., Бишкек, "Мээрим-1" 1994.
[2] Лукашева Е.А., 1996:, 42-б.

долбоорунун экинчи окуудагы талкуусу; 6) мыйзам долбоорун үчүнчү окуудагы талкуулоо жана аны кабыл алуу; 7) мыйзам долбоорун жарыялоо.

Мыйзамды кабыл алуу коомдун өнүгүүсүнүн, өзгөрүшүнүн талабынан, ошондой эле коомдогу түзүлгөн мыйзамдын чегинде ишке аша турган тигил же бул маселелерди чечүүнүн зарылчылыгы пайда болгондуктан келип чыгат. Мыйзамды иштеп чыгуу жөнүндөгү сунуш, ой-пикирлер, идеялар көптөгөн экономикалык, социалдык, укуктук, саясий жана башка объективдүү факторлордон куралат. Ошондой эле жаңы мыйзамды иштеп чыгууда субъективдүү факторлор болуп эсептелген укуктук аң-сезимдүүлүктүн деңгээли, коомдун жана анын мүчөлөрү тарабынан мыйзамды иштеп чыгуу зарылчылыгын түшүнүүсү, баамдоосу, мыйзамды айкын мамлекеттик - укуктук түрдө иштеп чыгуу идеяларын ишке ашыруу чон роль ойнойт.[1] Тилекке каршы, бир нече мыйзам актылары кабыл алынганына карабастан, мамлекет тарабынан укуктук көзөмөлдөө дале болсо чабал.

**1.2. “Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери”** деген ат менен берилип, Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин экономикалык укук системасы тууралуу баяндалат.

Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери заманбап мамлекет түшүнүгүнүн башындагы либерализм менен социализмден келет. Алар бири-бири менен тыгыз байланыштуу. Либерализм жана социализм биздин замандын эки юридикалык жана саясий көз караштары жана системасы болуп эсептелет. Либерализм жана Социализм – бул эки система эки башка, бири бирине терс келет.

Бул эки системанын өнөктөш жана жакшы жактары Түрк-Ислам мамлекетттеринде жана маданиятында мурда чогуу бирге колдонулуп келген. Мунун азыркы аты – “либералдык социалдык демократия”[2] деп аталат. Талдоонун жыйынтыгында бул түшүнүктөрүн оң жактарынын, укуктук негиздеринин коомго тийгизген актуалдуу укуктук таасирин көрүүгө болот. Ошондуктан консерватизм менен либерализмди дайыма бирге турган укуктук саясий мааниде түшүнүү керек.

Бул маанинин өзөгү азирети Мухаммед, Иса жана Муса доорунан бери келген жана Түрк – Ислам өлкөлөрү жана маданиятында баштан бери колдонулуп келет. Бул юридиканы жана тажрыйбаны Жусуп Баласагындын ‘Кутадгу билигинен, Ибни Халдундун ‘Мукаддимесинен, Ахмед Йесевинин ‘Диван-ы Хикметинен, 20 – кылымдын философу, аалымы Саид Нурсинин ‘Рисалеи - и Нур’ жыйнактарынан, Ахмед Аккүндүз жана башка Түрк – Ислам аалымы, философтордун чыгармаларынан көрө алабыз.

**1.3. “Кыргызстандагы ишмердик укугу жана салыкталаштарды соттук кароодогу чечимдердин ыкмалары”** деген ат менен берилип, Кыргызстан салык укугу жана соту тууралуу баяндалат.

Салык саясаты, салык маданиятын, салык төлөөчүлөрдүн жана экинчи тарап салык инспекторлору менен натыйжалуу түшүнүүчүлүк менен иштөөгө

---

[1] Карте Б.В. “Small and Medim – Sized Establ’shment in Western Europa”, p.8, London: 1986.

[2] Мусави Лари С. М., Ислам Укугу жана Экономика, 3- б., Тегеран, 1996. ; Учар Б., “либерализм жана социалдык демократия” 6-б.

үйрөтүүбүз абзел. Жаңы салык кодекси ишкерлер менен ачык иштөөгө шарт түзөт. Ар бир ишкер, ар бир өндүрүш ээси өзүнүн ишкердүү аракетинде салыкты терең өздөштүрүүгө аракеттенип, көмүскө кирешенин административдик жана юридикалык жоопкерчилигин сезе билишине үйрөтүүбүз абзел.[1]

Кыргызстан өкмөтүнүн алдындагы салык кызматы жана анын жергиликтүү органдары ар бир салык инспекциясы өзүнчө юридикалык укукка ээ. Салык инспекциясынын ыйгарымдуу дирекциясы мыйзам ченемдүү иш салык инспекторлорунан жүргүзүү функциясын талап кылат.[2] «Кыргызстанда ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамынын пайда болушу, кодексинин өзгөчө бөлүгүнүн өнүгүшү» салыктык талаштарды соттук кароодогу чечимдердин ыкмалары камтыйт.

Ишти карап көрүп бюджеттин карызын кайра төлөтүп алган соттон талап кылат. Тикеден-тике милдеттүү түрдө маселени ордуна коюп, кошумча төлөөлөр закондуу түрдө ишке киргизилиши керек. Салык төлөөдөгү укук бузуулардын өсүшү, салык идеологиясына кескин каршы турган жарандардын укугун формировкалоого жана учурда иштеп жаткан салык системасын бекем, туруктуу орнотуп, салык төлөөгө элди кыйшаюусуз көндүрүү абзел. Салыктагы укук бузуулар менен эффективдүү иш-чараларды жүргүзүп, эл менен өз укуктарын милдеттерин билүүгө жогорку деңгээлде иш жүргүзүү керек.

Кыргызстандын алгачкы укук булактарында камтылган, жазанын түрлөрүн, алардын коомдун өзгөрүшүнө жараша өнүгүү жолун, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу мыйзамынын расмий түрдө мамлекет тарабынан кабыл алынышын, кодексинин, жалпы жана өзгөчө бөлүктөрүнүн өнүгүшүн, коомдук түзүлүштүн шартына ылайык өзгөрүшүн, 1990-жылдан баштап көз карандысыз мамлекет болгондон кийин 1997-жылы Кыргызстан, ишмердик салыгы жана кодексинин кабыл алынышындан азыркы мезгилге (2010-ж.) чейин илимий жактан изилдөөлөр баяндалат.

**II Бап. “Кыргызстан, Түрк мамлекети жана ЕБнде экономикалык ишмердигинен КОБИлердин жалпы маалыматы, укуктук негиздери, теориясы, тарыхы”** деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

**2.1. “Кыргызстан, Түрк мамлекети жана ЕБндеги экономикалык ишмердигинен КОБИлердин жөнүндө жалпы маалымат жана укуктук таасири”** деген ат менен берилип, жалпы КОБИ маалыматы жана укугу тууралуу баяндалат.

Ал эми КОБИлердеги иш оруңдарынын өзгөчөлүгү эмнелер? деген суроого жооп издеп көрсөтөт. Бул ишканаларды жумушчулардын санын, көп жылдан бери иштебеген, окуу үчүн иштебей калгандар, мурун жеке ишканаларда иштегендер, аялдар, чет элдиктер, бат бат иш алмаштырып тургандар, кыз-ууландар түзүшөт. Булар көбүнчө бир кылкада белгиленген сааттарда иштебейт, социалдык коргоого алынбайт, чоң ишканаларга караганда социалдык жактан коргоо жардамдарынан чектелген түрдө колдоно алышат жана маянасы да аз болот. Ошол себептүү кичи ишканалар адатта чоң

[1] Осмоналиев К.М. Эралиева Р.И. Комментарий к уголовно-процессуальному кодексу КР 212-б., Бишкек 2005.
[2] Положение о государственном комитете КР по налогам и сборам. 4-б., Бишкек 2007.

ишканаларга кадр топтоо жана даярдоодо чоң роль ойнойт жана кадрлардын бюросу катары да тааныса болот.[1]

Жалпы теориялык юридика жаатындагы илимий адабияттарда, тактап айтканда, С.С. Алексеев, В.М. Горшенсн, Т.Н. Радько, В.П. Реутов, Ю.Г. Ткаченко, В.Г. Смирнов, И.Н. Фарбсра, Ф.И. Фаюуллина жана башка окумуштуулардын эмгектеринде "укуктун функциясын" коомдук мамилелерге анын милдеттери, ролу жана арналышы (назначение) катары чагылдырылган укуктук таасир берүүнүн негизги багыттары (ыкмалары) болсо, ошондой эле убакта "функция" деген термин мамлекеттин жана укуктун социалдык ролун мүнөздөө үчүн колдонулат. Жасалган бардык изилдөө жана анализдерден улам КОБИлер бир жактан кеңири кучак жайса, бир жактан жаңы ишкерлердин артышы менен иш орундарын пайда кылары анык болду.

Кичи бизнес кичи ишканалардын тутумунан турат. Алардын уюштуруу формалары өтө көп түрдүү. Алар менчигинин түрү, уюштуруу-укуктук формасы, өлчөмдөрү, аймактык тиешелүүлүгү, мыйзамга тиешелүүлүгү, пайдаланылган технологиялары, тармактары боюнча бөлүнүшөт. ЕБнде КОБИлерге атаандаштык укукта бир топ жеңилдиктер берилген. Бул багытта аларга атаандаштар терс таасирлерин тийгизе албайт жана бут тосулбайт.[2]

Жыйынтык жагынан коомчулук өлкөлөрүндө жумуштуулуктун кеңейиши граждандык ассоциацияланган (ассоциация, фонд) жана ушул сыяктуу эркин камсыздоосунан цивил жана жеке ишмердиктин натыйжасында кичинекей жумуш орундарында (КОБИ) жумуштуулуктун артыш жолу пайда болууда. Кичинекей жумуш орундары (КОБИ) бир жагынан кеңейүү, экинчи жактан жаңы демилгелер жолу менен тез жаңы жумуш жана өнүгүү мүмкүндүктөрүнүн пайда кылышына абдан маанилүү салымдарды кошууда.

**2.2. “Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин кызматташтыгы жана өнүгүүсүн негизги багыттары жана КОБИлердин укуктук жөнгө салынуусу”** деп аталат.

Экономикалык кызматташтык боюнча биринчи кадамдар Анкарада «Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык жана соода кызматташтыгы жөнүндөгү» протоколго 1991-жылдын 29-майында кол койуу менен башталган.[3] Түркия ЕБне мүчө болгон күндөн тарта Европа Коомчулугунун шарттарына макул болууга тийиш болгон жана өзгөрүү үчүн эмнелер жасашы керектиги аныкталган. Кыргызстандагы кичи ишкердикти мамлекеттик тескөөнүн негизги багыттары карап көрсөтүлүүдө.

Тараптар ортосундагы түбөлүк достук жөнүндөгү келишимдин жоболорун жана «Кыргызстан жана Түркия 21-кылымга карай бирге» биргелешкен билдирүүсүн жетекчиликке алуу менен эки өлкөнүн жана элдин түпкү кызыкчылыктарын көздөгөн саясий шериктештикти мындан ары өнүктүрүү жана экономикалык мамилелерди бекемдөө максатын билдиришет.

Түркиянын экономикасын терең изилдегенде КОБИлер экономиканын негизи же өзөгү экени байкалат. Ошол себептүү аларга тиешелүү көңүл бурулбай укуктук колдоо болбой туруп, экономикада максатка жетүү кыйын.

---

[1] Аккүндүз А. ж.б., Түрк Укук Тарыхы, 2-ж. 8-б., Селчук Унв. Бас., Конйа 1989., Бардакоглу А., Исламда эмгек жана жумушчу жалданган менен жумушчунун ортосундагы укуктук байланыш, 173-174- б., Стамбул, 1986.
[2] Richard Musgrafe and Peggy Musrgafe “Public Finans in Teory and Practice”, p.5, New York: 1989.
[3] КР ТИМ 1991-жылдагы күндөлүк архиви.

Укук принциптери-бул укуктун мазмунун мүнөздөгөн жана укук ченемдеринде бекитиле турган жетектөөчү башаттарга түшүндүрмө берген.

**2.3. “Кыргызстан, Түрк мамлекети жана ЕБнде КОБИлер боюнча жүргүзүлгөн укуктук саясаты”** деп аталат.

«Укук милдеттер» деген терминден укуктун негизинде чечиле турган бирөнүн да социалдык-экономикалык жана саясий маселелердин келгендигин түшүнсөк болот. Ошондой эле укуктун милдеттери, дайыма жана убактылуу, жакыңкы жана бүткөн максаттарды көрсөтөт. Укуктун функциясын ишке ашыруусуз укуктун милдеттери (задача) чечилбейт. Ошондуктан, функция аларды чечүү, ишке ашыруу үчүн багытталат.

Азыркы мезгилде ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугунун функциясына байланышкан бирдей көз караштар юридикалык адабияттар жок. В.Г. Смирнов туура баамдагандай, "укуктун функциясынын" түшүнүгүн ачууда укук таануучулар ар кандай жол менен карашып, "укуктун фунциясынын" түшүнүгүн укуктун милдеттери (задача) менен же коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу усулдары менен окшоштурушат.

Азырынча КОБИлердин өлкө экономикасына алып келген жемиштеринен улам ЕБнин “Ак китебинде” КОБИлерге ар тараптуу колдоо көрсөтүү жөнүндө жобо кабыл алынган. Өнөр жай политикасы Маастрихт (Maastricht) келишими аркылуу таанылган. Ишканалардын кеңейүү жана атаандаш боло алуу багытын камтыган “Ак китеп” ЕБ тарабынан кабыл алынган.[1]

Бул маселеге байланышкан ар кандай көз караштарды кароо менен укуктун социалдык жактарын белгилөө же коомдук мамилелерге укуктук таасир берүү багыттарын же болбосо экөөнүн биргелешкенин «укуктун функциясы» деп түшүнсөк болот. Ошондой эле укукту же белгилүү укук институттарын ишке ашыруудагы ролу жана адамдардын укуктук жөнгө салууда таасир берген конкреттүү багыттары аталат.

Ал эми диссертанттын көз карашы боюнча, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик укук ченемдерин жүзөгө ашырууда жеке адамдардын жана ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик салык жоопкерчилигине тартылган адамдарга карата түздөн-түз укуктук жөнгө салуу багыттарын мыйзамынын негизги фунциялары төмөндөгүлөр болуп эсептелинет: жөнгө салуучу; эскертуучу; коргоочу; тарбиялоочу функциялар деп түшүнүүдө.

**III Бап. “Кыргызстан, Түрк мамлекети жана ЕБнде ассоциация, фонд курумдардын укугу менен экономикалык ишмердиги жөнүндө жалпы маалымат жана финансылык жоопкерчилиги”** деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

**3.1. “Түрк мамлекетинде ассоциациялар укугу жөнүндө жалпы маалымат жана алардын кирешелери жөнүндө”** деп аталып, ассоциациялар жөнүндө жалпы укуктук маалыматтар каралат.

Ассоциация пайда бөлүшүүдөн тышкары белгилүү бир социалдык максатты ишке ашыруу үчүн курулат. Түркияда ассоциация мыйзамдарынын тарыхый өнүгүшүндө Селчук, Тимур жана Осмон империясында Түрк-Ислам

[1] Ялкын С. “Түркия жана 2000-жылдын алдындагы кичи, орто ишканалардын саясаты”, 13-б., Анкара, 1993., Фронтбек кызы Ж. ж..б., “Цивил жана жеке ишмердүүлүктүн түрк дүйнөсү актуалдуу маселелерин чечуга салышы”, 249- б., Жалалабад КР 2009.

цивилизациясына ылайык жана продуктусу катары дүйнөнүн сан жана сапат жагынан эң өнүккөн ассоциация жана фонддору жана мыйзамдары менен практикасы бар эле.[1] Кабыл алынган мыйзамдар менен катар ассоциацияларды кызыктырган башка багыттагы жаңы көз караштарды жана өзгөрүүлөрдү жасоо керек болгон. Ошентип, бул багытта рапорт даярдалган. Бул эмгекте ассоциацияларга байланышкан мыйзамдар жөнүндө сөз болот. Аты аталган эмгекте Түркиядагы ассоциациялардын мыйзамынын ЕБгине туура келген багыттар каралат[2].

Азыркы замандагы социалдык өкмөт жана ден-соолук, билим, билим берүү жана окутуу түшүнүгү болбогон учурда эле Түрк-Ислам маданият, укук жана тарыхында, Түрк-Ислам коомдору, өзгөчө метод менен, даяр маданият, укук, адилет, ден-соолук, билим, кичи өнөр жайлары аркылуу чоң салым кошуу менен инсандын дүйнөсүнө жана коомго зарыл болгон жарандык жана либералдуу укук политикасы менен билим жана социал-экономист жашоого жандуулук кабыл алуу жолуна айланган.

Өнүгүп келе жаткан же өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасы дыкат изилденген учурда КОБИлердин орду чоң экенин көрүүгө болот. Ассоциация, клуб, коом, КОБИлер, өлкөнүн социал-экономикасынын фундаментин түзгөн негизги укуктук мекеме-курумдардан болуп саналат. Буларга Түркия жана ЕБ керектүү жардамдарды беришүүдө.[3]

Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексинин айырмачылыктары менен өзгөчөлүктөрунө арналган Эки кодекстин ортосунда айырмалар жана өзгөчөлүктөр өтө көп. Атап айтсак, мурунку кодекстин мазмуну: "МАМЛЕКЕТ►АДАМ►КООМ" деген көз карашты чагылдырылса, кийинки кодекстин мазмуну "АДАМ►КООМ ►МАМЛЕКЕТ" деген багытта кабыл алынган.

Мурда колдонулуп келген кодекстеги кээ бир «жансыз» ченемдердин алынып, ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу мыйзамдуулугун акыркы жылдарда коомдо түзүлгөн социалдык, экономикалык жана укуктук саясий жагдайларга ылайык өркүндөтүү максатында кээ бир жаңы ченемдер киргизилип, айрымдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгендиги Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин Ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексинин өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат.

Түркияда ЕБне мүчөлүккө талапкер болгондон баштап, 2001-жылы жазында улуттук программа даярдалган. Бул программада коомдун күч алышы Түрк демократиясына салым кошушу ачык көрсөтүлгөн. ЕБне кирген мамлекеттердеги ассоциациялар башка курумдарда таанылууда. Ар бир чөлкөмдө өзүнө тиешелүү мыйзамдар бар. Тыюу салуулар жана жазалоолор дээрлик жокко эсе. Мында эл аралык иш аракеттерге маани берилген. Ассоциациялар мамлекеттин көмөктөшүүсү менен курулат. Мамлекеттин кээ бир иштери ассоциацияларга милдеттендирилген. Милдетин так жана туура

[1] Челик Жандемир Жанан ж.б., XX-б., Бакым А. ж.б., Йени Дернеклер (кануну) Мевзуаты, 1- басым, Адалет басмасы, IX-б., 2005.
[2] Бычак, В. ж.б., ж.б., 3-б.
[3] Бычак, В. ж.б., "Түркиядагы уюмдардын Европа Биримдигинин стандарттарына туура келиши", Анкара, 2001.

аткарган ассоциацияларга мамлекет тарабынан финансылык колдоо көрсөтүлөт.[1]

**3.2. "Түрк мамлекетинде фонд-вакыф укугу жөнүндө жалпы маалымат жана алардын кирешелери жөнүндө"** бөлүмү.

Кайсы бир кызматтын келечекте да кызмат катары таанылышын жана уланышын камсыз кылуу максатында адамдардын өз каалоолору менен укук жана расмий жолдор аркылуу берген мүлкү жана акчасы "фонд-вакыф" деп аталат. Фонддордун коомдук жашообуздагы кызматтары да саналат.

Фонддор аспектисинен федерация жана конфедерация маселесинде бир өзгөчө абал бар. Ооба, Түрк жарандык мыйзамынын 117-беренесине ылайык, фонддордун да түзө турган федерация жана конфедерациялары боло алат. Буга жараша ассоциациялардын эл аралык ишмердик жүргүзүүсү жана жогорку ассоциациянын негизине байланыштуу жоболор салыштыруу жолу менен фонддор үчүн да колдонулат. Коомго пайдалуу же өзгөчө мыйзамдар менен курулган фонддор тууралуу өзгөчө жоболор жашыруун болуп эсертелет.

Фонддун тарыхы дээрлик байыркы мезгилдерге чейин барып такалат. Ислам дини жардамдашууну жана муктаж болгондорго жөлөк болууну негиз алат. Түрк-Ислам цивилизациясынын жардамдашуу жагынан адамзатка келтирген өрнөк жана лидер болгон фонддор Анатолияда X кылымдан бери түзүлүп, коомго керектүү социалдык, илимий, маданий жана инфраструктуралык кызматтарды аткарышкан. Ислам тарыхында фонддор Селчук, Тимур жана Осмон империясы убагында абдан кеңири жайылган. Түрк коомчулугунда фонддордун тарыхы байыркы мезгилге барып такалат. Өткөндүн келечекте да колдонулушу фонддордун милдеттеринен экени анык.[2]

Түркияда ЕБне мүчөлүккө талапкер болгондон баштап, 2001-жылы жазында даярдалган улуттук программада фонддор коомдо күч алышы Түрк демократиясына салым кошушу ачык көрсөтүлгөн. ЕБне кирген мамлекеттердеги фонддор башка курумдарда таанылууда. Ар бир чөлкөмдө өзүнө тиешелүү мыйзамдар бар. Тыюу салуулар жана жазалоолор дээрлик жокко эсе. Мында эл аралык иш аракеттерге маани берилген. Фонддор мамлекеттин көмөктөшүүсү менен курулат. Мамлекеттин кээ бир иштери фонддорго милдеттендирилген. Милдетин так жана туура аткарган фонддорго мамлекет тарабынан финансылык колдоо көрсөтүлөт.

**3.3. "Түрк мамлекетинде ассоциация жана фонд ишмердигинин укугу, киреше алуусу, финансылык жоопкерчилиги"** деп аталат.

Ассоциация, фонд курумдарынын ишмердигинин укугу, киреше алуусу, финансылык салык төлөмү жоопкерчилиги жөнүндө жалпы маалымат изилдеп баяндалды.

Түркияда ассоциация, (палаталар, биржалар сыяктуу ассоциациялар салыгынын практикаланышында ассоциация сыяктуу кабыл алынган институттар), кесиптик союз, жамаат жана фонддор юридикалык тарап болгону

---

[1] Чифтчи С. ж.б., (ТМК) Дернеклер Укугу, 3-б., Түйсүзоглу И. Танер, ж.б., Йени Дернеклер Кануну жана Илгили Мевзуат, 6-б., Анкара, 2005.

[2] Аккүндүз А. , "Түрк Укук Тарыхы", 22-б., Селчук Унв. Бас., Конйа 1989., Чифтчи С. ж.б., (ТМК) Дернек-Вакыф Мевзуаты, 26-б.

үчүн салык милдеттенмеси болбойт. Алардын өздөрүнө караштуу ишмердиги жана экономикалык ишканалары, салык төлөөгө милдеттүү.[1]

5422-сандагы ассоциациялар салыгы мыйзамынын өкүмдөрүнүн алдында курстарын жөнгө салган буга тиешелүү китеп саткан ассоциациялардын бул ишмердиктеринин, спорт клубу иштеткен кафетерий, буфет, үлпөт салону жана фотография ишмердиктеринин экономикалык ишкана деп саналалнан. Бул себептен тапкан кирешелеринен улам ассоциация-фонд салыгын төлөөчү болушу керек экендиги бүтүмүн чыгарган мамлекеттик кеңештин төртүнчү жана үчүнчү бөлүмүнүн чечимдери кабыл алынган.

Жалпы элдин кызыкчылыгын көздөгөн ассоциация- фонд эки жылда бир жолу текшерүүгө алынат. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгында, ассоциацияда иштеген кызматкерлерге оозеки жана жазуу түрүндө жаза берилиши керек болсо, алар да отчет менен кошо тапшырылат. Эл кызыкчылыгын көздөгөн ассоциация-фонд мүлкүнө кол салгандар мамлекеттин мүлкүнө кол салган менен барабар жана жазалоосу да бирдей болуп саналат.[2]

**Диссертациянын жалпы корутундусунда** изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанисин мүнөздөгөн негизги тыянактар баяндалды.

Диссертацияда маалыматтардан улам мамлекетти реформалоонун башкы максаты болуп саналат – бул адам жана жаран, анын укуктары менен эркиндиктери. Жарандык коомдо мамлекеттин жана адамдын мамилелерин укуктук жактан так аныктоо зарыл деп эсептейт. Мамлекеттин функциялары адамдын укуктары менен эркиндиктерин укуктук коргоого багытталууга тийиш.

Түркия ЕБне талапкер болгондон бери өлкөнүн укугу жана социалдык-экономикасы дээрлик катуу темпте өнүгүүдө. ЕБне кирүүгө кадам таштап жаткан Түркия жана Либералдык Социалдык демократиялык өзгөрүүгө дуушар болгон Кыргызстанда ассоциация, клуб, коом, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугу пайда болгон. Муну менен бирге салык, бухгалтерия жана финансы укугунда да реформалар жасалып, өзгөрүүлөр болууда. Аны менен катар кирешени гана максат кылбаган курумдар менен ассоциациялар жана фонддор да ишке киргизилди. Буларда болгон жаңылык жана өзгөрүүлөр диссертациянын өзөгү боло алат. Аны менен катар бул багытта жасалган иш-чаралар, тажрыйба жана изилдөөлөрдү ичине камтыйт.

Ассоциация, пайда бөлүшүүдөн тышкары белгилүү бир социалдык максатты ишке ашыруу үчүн курулат. Фонд болсо бир белгилүү мүлктүн бөлүп берилиш жолу менен расмий документтеринде белгиленген максаттарын коом пайдасы үчүн курулган кайрымдуулук куруму.

Кыргызстан өзүнүн тарыхынын татаал мезгилин башынан өткөрүүдө. Ал жерде демократиялык дөөлөттөр, адамга багытталган социалдык шарттар, анын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, ар кандай социалдык топтордун ынтымагынын мыйзамдары боюнча жашаган жарандык коом башкы максат болуп калмакчы.

Юридикалык болжолдоонун алкагында мамлекеттин өкүм сүрүшүн юридикалык болжолдоо сыяктуу изилдөө институтун бөлүп көрсөтүүнү сунуш

---

[1] Тулук С., ж.б., "Дернек-кулүп-вакыф иле КОБИ вб. ишлетмеси малийе мухасебе вергиси",143- б. 2006.
[2] Кызылот Ш. "Курумдардын салык төлөө мыйзамы жана анын ишке ашышы" 1-том, 143-б.

кылат.Бул юридикалык лабораторияны түзүүгө мүмкүндүк бермек, анда мамлекеттин келечектеги ар кандай моделдерин түзүүгө, мамлекеттин ишинин функциялык режиминдеги изилдөөлөрдү аныктоого, мамлекеттин функцияларынын мазмунун өркүндөтүүгө болоор эле. Ошону менен Түрк, Кыргыз ж.б. боордош коомунда өкүм сүрүү режимине ылайык келген мамлекеттин зарыл моделин тандоого мүмкүнчүлүк пайда болор эле.

Укук реформаларында жарандык демократиялык башкаруу башка башкаруулардан эң жакшысы жана өйдөсү, анти демократиялык жана тоталитардык башкаруу, пара берүү жана адилетсиздик бүтүндөй проблемалардын башкысы болуп эсептелинет. Жаңылбас жана алданбас улуттун эрки башка бирөөнүн үстүнөн өйдө болуу, дос жана душмандын ишеним сезимин бир калып менен демократиялык бийликтин, бүтүндөй маселелери жеңилдүүлүк менен чечилет жана Түрк дүйнөсүнүн социал-экономикалык, коомдук зарылдуулугу эң үстүнкү дэңгээлге чыга келет.

Либерал жана социалдык демократиянын орток жакшы укуктук жактары адам баласынын глобализацияга жакындоосу жана идеалга жетишүүсү. Орток жактарын бирге болушу жана бирге колдонулушу зарыл. Кыскасы бул эки системанын орток жакшы жактары бири–бирин толуктап “*Либералдык Социалдык Демократия*” болуп турат. Ошондуктан консерватизм менен либерализмди дайыма бирге турган укуктук мааниде түшүнүү керек.

ЕБ Копенгаген критерийлеринин экономика менен байланышкан пунктарын анализдегенде базар экономикасын жана биргелешкен базардын күчүн талдай билүүгө ошондой эле аттандаштыкка каршы чаралардын көрүлүшүнө көңүл бурган. Түркия ЕБне кирүүнү тездетүүсү жана аны ишке ашыруусу үчүн ЕБндеги ассоциация, клуб, коом, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык укугунун атаандаш боло алышына маани берет.

Түркиядагы КОБИлердин көбү эл аралык рынокторго кайрыла турган деңгээлде продукту өндүрө албай жатат. Ал гана эмес эл аралык рыноктордо атаандаша албай жатат. Мындан тышкары, КОБИлер экспорт үчүн керектүү формалдуу процедураларды аткара ала турган маалыматтан жана бул иштерди жасай ала турган персоналга муктаж. Мындан улам КОБИлердин экспорт үлүштөрү абдан төмөн деңгээлде калууда.

Бул учурда ден-соолук, билим жана өндүрүүдө, экономика жана социалдык өндүрүүлөрүнүн тездетиши жана жарандык өзгөчө салым кошуу методу болгон биригүү, фонд, платформа жана ишканалары менен булардан тышкары киреше максатын күтпөгөн өнөр жайлары дагы юридикалык реформалар менен алдыга жылат жана бекемдейт. Булар үчүн дагы керектүү шарттар кредит мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу, социалдык чыгымдардын түшүүсү, бюрократиялык тоскоолдуктар ичиндеги кыйынчылыктарды жок кылуу керек.

Социал-экономикалык өндүрүүдө маанилүү ролду ойногон жарандык жана өзгөчө өндүрүү, иштеген адамдардын чоң чыгымдарга түзүлүүгө чейин жакшылык кылуу менен жараша чечимдерге дагы таасирлеринин өсүшү үчүн укук реформаларын биринчи болуп каралуусу бул социалдык тең салмактын камсызданышы үчүн артуусу бир алдыдагы шарт болуп кабыл алынуусу зарыл. Өзгөчө глобалдашуу мезгилинде бул чоң мааниге ээ. Бул рамкада ассоциация жана фонддор менен алардан тышкаркы пайда максатын көздөбөгөн түзүлүштөр платформа жана жумуш ордун жараткан КОБИлерге укуктук

колдоо көрсөтүү, алар үчүн ыңгайлуу кредит берилиши, юридикалык, социалдык чыгымдарынын азайтылышы, бюрократиялык тоскоолдуктар ичинде тумчугуусунун алдын алуу каралган.

Цивил коомдук куруму алдыда болушуна карабастан Түркияда КОБИлердин абалы ЕБне караганда кааланган деңгээлде эмес. Бул ишкананын өндүрүш, жумуш ордун, экспорт сыяктуу маселелерде ийгиликтүү болуп, ЕБ стандарттарына жетүүсү Түркиянын ЕБне кирүү ийгилигинде ачкыч ролун ойной алат. Түркия экономикасынын структурасы изилденгенде бул жерде да КОБИлердин экономиканын пайдубалы абалында экени байкалат. Бул ишканаларга керектүү көңүл бурулбастан максат, кылынган юридикалык, экономикалык максатка жетүү кыйла кыйын болот.

Жүргүзүлгөн баардык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына караганда демократиялуу башкаруу эң жакшы тоталитар башкаруудан жакшыраак. Түркиянын тездик менен ЕБне ыктоосу либералдык социалдык демократия тажрыбасы жана социалдык-экономикалык, коомдук пайданы эң жогорку деңгээлге чыгарат.

Түркия укуктук реформаларын Түрк дүйнөсү жана Кыргызстандын укук реформаларына дагы таасир кылышы мүмкүн. Пайда болгон жарандык жана өзгөчөлөнүү жыйынтыгы Түркиянын тез убакта Европа Союзуна кошулуу менен өлкөгө демократиялык бийликтер, бүтүндөй маселелери дагы жеңилдүүлүк менен тез чечилет жана Түрк мамлекети экономикалык, ишмердигинин негиздери коомдук зарылдуулугун эң үстүнкү дэңгээлде боло тургандыгын белгилейт.

Коомдун өнүгүүсмнүн бардык баскычтарында ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык мыйзамдары коомдук мамилелерге дал келгендей мазмунда болуп, аны туура түшүндүрүү, жеткирүү, бир типтүү колдонууну камсыз кылуу, укуктук ченемдердин колдонуунун эффективдүүлүгүн тактоо, коомдун өзгөрүүлүшү менен жаңы ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу мыйзамдарын кабыл алуу жана андан ары өркүндөтүү кедейчилик менен күрөшүүнүн негизги каражаттарынан болуп саналат.

Ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу мыйзамдуулугунун өнүгүш процесси өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүнө көз каранды болот. Тактап айтсак, коомдун социалдык – экономикалык, саясий жана укуктук-адилеттик баалуулуктары, адамдардын укуктук аң сезиминин деңгээли менен укуктук маданиятына, абалына жана динамикасына баш ийет да, ошол өзгөрүшкө жараша ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык мыйзамынын ченемдери да өзгөрүлүп, толукталып же күчүн жоготкон ченемдердин алынып салынышы менен жаңы ченемдер киргизилип турат.

Кыргызстанда коомдун өнүгүү баскычына ылайык ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык мыйзамын пайда болуу жана анын өркүндөө тарыхын талдоо төрт топко (1917-ж. чейин, 1960-ж.чейин, 1997-ж. чейин, азыркы мезгилге (2010-ж. чейин) бөлүнүү менен бирге, укук булактарында алгачкы түшүнүгү адат жана мусулман укугу боюнча каралгандыгын белгилей кетүү керек.

Жалпы жана өзгөчө бөлүктөрүнүн өнүгүшүнө жалпы мүнөздөмө берип, социалдык, экономикалык жана саясий себептерди кароо менен Кыргызстан,

Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексинин кабыл алынышы жана аны башка чет мамлекеттердин мыйзамдары менен салыштыруу жолу ар мезгилдин талабы.

Жыйынтыгы жагынан Түркияда ЕБне кирүү процессин өнүктүрүү максатында укуктук социалдык, экономикалык жана тармакта маанилүү иштердин жасалышы керек. Укуктук экономикалык ийгилик камсыз кылынганда ыктоо процесси андан да жеңилдейт. Түркиядагы укуктук экономикалык структурада ассоциация, клуб, коом, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салык экономиканын негизги пайдубалы экени талашсыз.

Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексин иштеп чыгуу, кабыл алуу процессии талдоо, негизги принциптеринин тарыхый өнүгүүсүн кароо менен ар бир принципке укуктук түшүндүрмөнү мыйзамга киргизүү жарандардын мыйзамды толук түшүнүүгө мүмкүнчүлүк бермекчи.

Мамлекетте жүргүзүлүп жаткан укуктук реформалар ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексинин кээ бир ченемдерин андап ары өркүндөтүү максатында айрым ченемдерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен саясатын гумандаштыруу, аны практикада колдонууну жүзөгө ашырууда.

Жыйынтыктап айтканда өлкөдө жана дүйнөдө, укуктук реформа маселелеринин ыкчам чечүүгө ишенимдүүлүк менен карап, ишмердик укугун негиздери практикада колдонулса, Кыргызстан, менен Түркия мамлекетинин кызматташтыгы жана өнүгүүсүн негизги багыттарын эскертип, Түрк мамлекети менен болгон биримдигинин өндүрүмдүүлүгү Кыргызстандын да өнүгүүсүнө салым кошооруна ишенүүдө.

## Диссертациянын негизги мазмуну 2005-2010- жылдары жарыяланган төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:

***Китеп:***

1. “**Түрк дүйнөсү өнүгүүсүнө ассоциация, фонд, кичи жана орто ишкана таасири**”, кыргызча, Түркия “ТИКА” мамлекеттик курумунун колдоосу менен Кыргызстан Чуй Университети басмасы 2009 - жыл Бишкек.

***Макалалар:***

1. “**Кыргызстан реформалоонун учурдагы укуктук негиздери, маселелери, алардын чечилиши жана актуалдуу Түрк дүйнөсүнүн маселелерине таасири**”, Кыргызча, Эл аралык Түрк дүйнөсү конгресси, Жалалабад Кыргызстан, 2008.
2. “**Цивил жана жеке ишмердиктин Түрк дүйнөсү актуалдуу маселелерин чечүүгө салымы**”, Түркчө, Эл аралык Түрк дүйнөсү конгресси, Жалалабад Кыргызстан, 2008.
3. “**Экономикада салык соттун таасири жана Түрк Кыргыз тажрыйбасы**”, Түркчө, Кыргыз-Түрк Манас УНВ., 2. Эл аралык экономикалык конференция Бишкек, Кыргызстан, 2008.
4. “**Либерализм жана социалдык демократия**”, Кыргызча, Кыргыз Ж.Б. улуттук университети, Эл аралык конференция; 22-24 апрель 2009.
5. “**XIX кылымдагы бий манаптардын сот милдетин аткаруудагы ролу жана Кокон хандыгынын тушунда кыргыздарга салынган**

**салыктар**”, Кыргызча, Кыргыз Ж.Б. улуттук университети Эл аралык конференция; 22 24 апрель 2009.

6. “**Билимдин жана өгрөтөмүнүн базы чагдаш күресел сорунларина бир йөнтемсел (ассоциация, фонд кичи жана орто ишканалар цивил жана жеке) бакиш**”, Түркчө, Эл аралык интернет укуктук мевзуат журналы, С. 127, теммуз 2008. (ТС укуктук мевзуат) дергиси, (http\\www.mevzuatdepgisi.Com \2008\ 07a\01/htm.

7. “**Түркия ассоциаций укукунун ЕБ жана мамлекеттериндеки менен салыштырмалуу изилдөөсү**”, Түркчө, Эл аралык интернет укуктук мевзуат журналы, С.138 майыс 2010 (ТС укуктук мевзуат) дергиси (http\\www. mevzuatdeagisi.Com\2010\07a\01/htm).

8. “**Судебное рассмотрение налоговых правонарушений в КР”,** Кыргыз Ж.Б. Улуттук университети журналы 2010.

9. “**Кыргызстандагы салык сот системасы”**, Кыргыз Ж.Б. Улуттук университети журналы 2010.

10. “**Законодательство предпринимательского права по законодательству Евросоюза и экономические сотрудничества Кыргызстана и Турции”,** Алматы- Казакыстан, 2010.

11. **“Legislation of SME association and charity of Turkish Republic ın accordance with EU”,** Алматы- Казакыстан, 2010.

**Билал Учар**дын «*Кыргызстан жана Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери (теориясы, тарыхы)*» аттуу темада 12.00.01 - мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; укуктук окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишине берилгеи

## РЕЗЮМЕСИ

**Ачкыч сөздөр**: Ассоциация, фонд, КОБИ, ишмердик**,** укуктук негиздер, укук, тийиш, кодекс, жалпы бөлүм, өзгөчө бөлум, статья, принцип, мыйзамдуулук, адилеттүүлүк, гумандуулук, демократиялуулук, функции, коргоо, мамлекет, жөнгө салуу, укуктук жөнгө салуу.

**Максаты:** Ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугун теоретикалык жана практикалык проблемаларын камсыздоону жана аларды иштеп чыгуунун жолдорун иликтөөдө жатат. Архивдик материалдарды иликтөө, өз-чет өлкөлук адабияттарда да кездешкен илимий материалдарды изилдөө, ошондой эле укук институтунун бөлугу болгон кодексинин маазмунун иликтөө, кээ бир мыйзамдуулугуна салыштырып иликтөөсун өткөруу аракеттери.

**Объектиси жана предмети:** Ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик кодексинин өнүгүшү, азыркы закондуулуктун маселелери менен байланышкан коомдук мамилелер түзөт. Ошондой нш азыркы мезгилдеги ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик мыизамдуулугун салыштырма түрүндөгү иликтөөсун жургузуу изилдөөнун объектиси, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыздоодогу теоретикалык жана практикалык проблемалар предмети болуп саналат.

**Методологиялык негиздери жана илимий жаңылыгы:** Ишти формалдуу-логикалык, жалпы илимий, билим алуунун диалектиалык, тарыхый, системалык-структуралык жана салыштырма укук таануу ыкмалары болуп саналат. Азыркы көз караш аркылуу мамлекет жана укукту түшүнүүдө мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыздоодогу проблемаларды комплекстүү изилдөөдө турат; мамлекеттик ишмердиктин мазмунунун өзгөрүшүн эсепке алуу менен бирге мыйзамдуулукту жана укук тартибин бекемдөөдө мамлекеттик караштуу прокуратура органдарынын ролу чагылдырылган. **Иштин илимий баалуулугу** Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу кодексинин башка өлкөрдун мыйзамдуулугу менен салыштырып, анын өнугуу мезгилинин кээ бир этаптарын алып изилдеп каралышында, укук системасында мыйзамдуулугунун ордун аныктоодо.

**материалдарынын колдонуу даражасы:** Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугу теоретикалык жана практикалык проблемаларын комплекстүү кароону камтыйт. Иштин мазмунундагы практикалык сунуштар, бүтүндөй колдонулушу мүмкүн жана жекечесинен мамлекетти башкарууну жана мыйзамдуулукту андан ары өнүктүрүүдө пайдасы тийет. Изилдөө процессинде келип чыккан жыйынтыктарды жана аларга негизделген теоретикалык жоболорду мыизамдуулугун мындан ары жакшыртуу максатында, конституциялык, административдик, факултативдик курстарда пайдаланса, материалдарын мамлекет жана укуктун теориясы, тарыхын окутууда, жогорку окуу жайларында, мыйзамынын ченемдерин иштеп чыгуда көмөкчу материал катары колдонсо да болот.

# РЕЗЮМЕ

**На диссертационное исследование Билал Учара на тему: «Кыргызстан жана Түркиянын экономикалык ишмердигинин укуктук негиздери (теориясы, тарыхы) - (Правовые основы экономической деятельности Кыргызкой республики и Турции (теория и история)» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01- Теория и история права и государства; история правовых учений.**

**Ключевые слова:** ассоциация, фонд, КОБИ, деятельность, правовые основы, право, кодекс, общая часть, особенная часть, статья, принцип, законность, справедливость, гуманность, демократичность, функция, охрана, государство, регулирование, правовое регулирование.

**Цель:** Диссертация представляет собой современное исследование на основе деятельности организаций, фондов, КОБИ проведения анализа и пути решения теоретических и практических проблем предпринимательства и налогообложения. А также исследование архивных научных материалов отечественных и зарубежных исследований, содержание правовых институтов и их соответствие законности.

**Объектом и предметом исследования:** деятельность организаций и фондов КОБИ, современное состояния общественных отношений связанные вопросами законности. А также сравнительное исследование деятельности организаций фондов КОБИ, и их теоретические и практические проблемы в обеспечении правопорядка и законности.

**Методологические основы и научная новизна.** Методологию и методику исследования составили общенаучные методы познания, позволившие исследовать и практически применить познанные закономерности, относящиеся к сущности и содержанию социально-правовой действительности: диалектический, исторический, сравнительно-правовой, системного анализа, формальной логики.

**Научная новизна**: Заключается в том что автором одним из первых на основе историко-правового и сравнительного анализа исследовано правовые основы экономической деятельности Кыргызской Республики и Турции также Евросоюза.

**Практическая значимость исследования:** Практическая значимость исследование проведенное заключается в том что вынесенные предложения а данном исследовании могут быть использованы при совершенствовании законодательного процесса регулирующий экономическую деятельность в Кыргызской Республике и Турции, при подготовке методических и практических рекомендаций, лекций при обучении студентов по направлению экономика, история и юриспруденция.

## SUMMARY

On the dissertation **Bilal Uchar** on the topic: "**Legal basis (theory and history) of the economic activity of Kyrgyz Republic and Turkey"** for the degree of candidate of legal sciences, specialty 12.00.01 Theory and history of law and the state history of legal doctrines.

**Keywords:** accotsation, fund, KOBİ, activities, legal framework, rules, codes, general part, special part, article, the principle of legality, justice, humanity, democracy, function, security, government, regulation, legal regulation.

**Cause:** The thesis is a modern study on the basis of the associations, foundations, KOBİ analysis and solutions to theoretical and practical problems of business and taxation. And a study of archival research materials of domestic and foreign studies, the content of legal institutions and their compliance with the **law**.

**The object and subject of study**: The activities of associations and foundations KOBİ, the modern state of public relations-related issues of legitimacy. Also, a comparative study of the associations, founds, KOBİ, and their theoretical and practical problems in ensuring law and order.

**Methodological framework and scientific novelty:** Methodology and research methods were scientific methods of knowledge, allowing research and practical application cognized laws relating to the nature and content of socio-legal reality: a dialectical, historical, legal, systems analysis, formal logic.

**Scientific novelty**: lies in the fact that the author of one of the first on the basis of historical-legal and comparative analysis examined the legal basis of economic activity of the Kyrgyz Republic and Turkey, as well as the European Union.

**The practical significance of the study**: The practical importance of research conducted is that the proposal was made and this study can be used to improve the legislative process governing the economic activities in the Kyrgyz Republic and Turkey, during the preparation of methodological and practical advice, lectures at training students in the direction of the economy, history and jurisprudence.

Билал Учар

Кыргызстан жана Түркиянын экономикалык ишмердигинин
укуктук негиздери (теориясы, тарыхы)

(Кыргызстан, Түркия жана ЕБнин
ассоциация, фонд, КОБИ жана ишмердик менен салыгын укугун
мыйзамдуулугунун
өнүгүшү жана анын өзгөчөлүктөрү)

Подписано к печати ________10
Формат 60x84 1/16
Объем 1,6 п.л.
Бумага офсетная.
Тираж 100 Типография "Maxprint", ул. Алма-Атинская 207